# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ БУУ СИСТЕМАСЫ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ 1992-ЖЫЛДЫН 2-МАРТЫНДА БУУ МҮЧӨЛҮГҮНӨ ЭЭ БОЛДУ

Кыргыз Республикасында БУУ туруктуу өкүлчүлүгү 1993-жылы, өлкө көз карандысыздыкты алгандан кийин ачылган. Кыргызстанда БУУ максаты – Бириккен Улуттар Уюмунун мекемелери системасы (ЮНДАФ) тарабынан өнүгүү жаатында Кыргыз Республикасына жардам көрсөтүүнүн Алкактык негиздеринде көрсөтүлгөн багыттар боюнча Кыргыз Республикасына өнүгүүгө жардам берүү жана туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүгө көмөктөшүү. Азыркы учурда Кыргызстандагы БУУ системасы 27 агенттиктерди, фонддорду жана программаларды камтыйт, алардын ичинде 12си резидент эмес мекемелер болуп саналат..


БУУ үйү
*(© UN)*




**ТӨМ АТКАРУУ**

БУУ үйү,
Чүй пр., 160,
720040, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 611 213

kyrgyzstan.un.org
UN.Kyrgyzstan
un_kyrgyzstan
un_kyrgyzstan

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ БУУ СИСТЕМАСЫНЫН ТУРУКТУУ КООРДИНАТОРУНУН КЕҢСЕСИ

## БУУ ТУРУКТУУ КООРДИНАТОРУНУН КЕҢСЕСИНИН ИШМЕРДИГИ ӨЛКӨДӨ ИШТЕГЕН БУУ СИСТЕМАСЫНЫН БАРДЫК УЮМДАРЫН КАМТЫЙТ.

Ал өлкөлүк деңгээлде ыкчам ишмердиктин натыйжалуулугун жана таасирдүүлүгүн жогорулатуу максатында БУУ ар кандай агенттиктеринин, программаларынын жана фонддорунун аракеттерин бириктирүүгө багытталган. БУУ Туруктуу координатору өлкөдөгү БУУ Башкы катчысынын ыйгарым укуктуу өкүлү болуп саналат жана БУУ өлкөлүк командасын жетектейт. Ал туруктуу өнүгүү багытында жардам көрсөтүү боюнча рамкалык келишиминдин аткарылышына жалпы системанын жоопкерчилигин камсыздайт жана 2030-жылга карата Күн тартибин ишке ашырууда Кыргызстанга БУУ тарабынан көрсөтүлгөн колдоону координациялайт.






> БУУ Туруктуу координатору институт катары бирдей деңгээлде Бириккен Улуттар Уюмунун өнүгүү системасынын бардык мүчөлөрүнө таандык жана анын ишинин негизинде жалпы катышуу, коллегиалдуулук жана өз ара жоопкерчилик болушу керек.
>
> ***Туруктуу координатордун кызматтык нускамасынан***

БУУ үйү,
Чүй пр., 160,
720040, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 611 213

kyrgyzstan.un.org

Продовольственная и сельскохозяйственная организация Объединенных Наций

# БУУ АЗЫК-ТҮЛҮК ЖАНА АЙЫЛ ЧАРБА УЮМУ (БУУ ФАО)

## ФАО КЫРГЫЗСТАНДА 1997-ЖЫЛДАН БЕРИ ИШТЕП КЕЛЕТ.

Азыркы учурда өлкөдө 20дан ашык программа ишке ашырылып жатат. ФАО берген техникалык колдоо айыл чарба секторун, анын ичинде өсүмдүк өстүрүүчүлүк, мал чарбачылыгы жана балык чарбасы жаатындагы долбоорлорду, ошондой эле климаттын өзгөрүү шарттарында жер жана токой ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жаатындагы колдоону камтыйт. ФАО мандаты тамактануунун сапатын, айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, айыл калкынын жашоо сапатын жакшыртууга жана дүйнөлүк экономиканын өсүшүнө көмөктөшүүдө турат.



"Акча каражаттары плюс" пилоттук долбоорунун катышуучулары тамак азык боюнча окутуулардан кийин тамак жасоодо. Сузак, Жалал-Абад областы, 2019-жыл.
*(©ФАО/Карина Левина)*




Дүйнө жүзүндө миллиондогон адамдар согуш, кырсыктардан улам ачкачылыктан жабыр тартып келишет. COVID-19 жана чөл чегирткелери миллиондогон адамдардын өмүрүнө, жашоо шартына коркунуч келтирүүдө. Биз жаңы ыкмаларды, инновацияны колдонуу менен көйгөйлөрдүн себептерин чечишибиз керек.

***Цюй Дунъюй,***
***ФАОнун Башкы директору***

Орозбеков көч., 26,
720040, Бишкек,
Кыргызстан


+996 312 39 80 21

fao.org
fao-kg@fao.org

# ЭЛ АРАЛЫК ЭМГЕК УЮМУ (ЭЭУ)

## 1919-ЖЫЛЫ ТҮЗҮЛГӨН ЭЛ АРАЛЫК ЭМГЕК УЮМУ 1946-ЖЫЛЫ ЖАҢЫ ГАНА ТҮЗҮЛГӨН БУУНУН БИРИНЧИ АДИСТЕШТИРИЛГЕН МЕКЕМЕСИ.

ЭЭУ эмгек чөйрөсүндөгү негизги принциптерди жана укуктарды илгерилетет жана ишке ашырат, татыктуу жумуш менен камсыз болуу үчүн аялдардын жана эркектердин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет, бардык адамдарды социалдык коргоо менен камтууну жана анын натыйжалуулугун жогорулатат, ошондой эле өкмөттүн жана жумуш беруучулөрдүн жана эмгекчилердин уюмдарынын ортосундагы социалдык диалогду бекемдейт. Кыргыз Республикасы 1992-жылы ЭЭУ мүчөсү болуп калган жана ЭЭУ 53-Конвенциясын ратификациялаган.



Жумуштуулукту, өзгөчө жаштар арасында илгерилетүү Кыргыз Республикасынын жана ЭЭУ ортосундагы кызматташтыктын негизги маанилүү чөйрөлөрүнүн бири болуп саналат. *(©ILO)*




Жалпы жана бекем тынчтык социалдык акыйкаттыктын негизинде гана орнотулушу мүмкүн...

***ЭЭУ Уставы, 1919-ж.***


Тыныстанов 197,
4-кабат,
720040, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 662 063
+996 312 625 071

ilo.ru

# МИГРАЦИЯ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК УЮМ (МЭУ) / БУУ МИГРАЦИЯ БОЮНЧА АГЕНТТИГИ

## 1951-ЖЫЛЫ ТҮЗҮЛГӨН МИГРАЦИЯ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК УЮМ БУУ МИГРАЦИЯ БОЮНЧА АГЕНТТИГИ БОЛУП САНАЛАТ ЖАНА ГУМАНДУУ ЖАНА ИРЕТКЕ САЛЫНГАН МИГРАЦИЯ МИГРАНТТАРГА ЖАНА КООМГО ПАЙДА АЛЫП КЕЛЕТ ДЕГЕН ПРИНЦИПТИ КАРМАНАТ.

1997-жылдан тартып ЭЭУ миграциялык процесстерди башкаруу жаатындагы өсүп жаткан чакырыктарды чечүүдө жана миграциялык маселелерди түшүнүүдө Кыргызстандын Өкмөтүнө көмөк көрсөтүп келет. ЭЭУ маалымат алмашуунун, тренингдердин жана дараметти бекемдөөнүн аркасында, өнөктөш ӨЭУ тармактары менен кызматташтыкта туруктуу биргелешкен чечимдерди иштеп чыгат.




Кыргызстандагы МЭУ COVID-19 пандемиясынан улам Россия Федерациясынын аэропортторунда калып калган мигранттарга бет кап, тазалоочу каражаттарды, тамак-аш жана турак жай камсыз кылды. *(© МОМ)*




> Тарыхый өңүттө миграция оң өзгөрүүлөргө өбөлгө болду. Бүгүнкү күндө эл аралык мигранттар дүйнө калкынын 3.5%ын түзөт жана дүйнөлүк дүң продукттун 9%ын өндүрөт. Ошондуктан мигранттар өнүгүүнүн эң негизги агенттери болуп саналат.
>
> ***Уильям Лейси Свинг,***
> ***МЭУ Башкы директору***

Ибраимов көч., 6
Бизнес борбор "Victory"
6-кабат
720001, Бишкек
Кыргызстан
+996 312 988 011

Баялинов көч., 1,
209-кеңсе,
723500 Ош,
Кыргызстан
+996 3222 2 70 20

kyrgyzstan.iom.int/ru
iomkg
iomkyrgyzstan@iom.int

# UNAIDS

# БУУНУН ВИЧ/СПИД БОЮНЧА БИРИКТИРИЛГЕН ПРОГРАММАСЫ (ЮНЭЙДС)

## БУУНУН ВИЧ/СПИД БОЮНЧА БИРИКТИРИЛГЕН ПРОГРАММАСЫ (ЮНЭЙДС) БУЛ БИРДИКТҮҮ КӨЗ КАРАШКА ЖЕТҮҮ ҮЧҮН ЖОЛ БАШТАЙТ ЖАНА ДҮЙНӨГӨ ДЕМ БЕРЕТ: ЖАҢЫ ВИЧ-ИНФЕКЦИЯСЫН ЖУКТУРГАНДАР НӨЛ, БАСМЫРЛООГО ДУУШАР БОЛГОНДОР НӨЛ ЖАНА СПИДДИН КЕСЕПЕТИНДЕГИ ӨЛҮМДӨРДҮН САНЫ НӨЛ.

Кыргызстанда ЮНЭЙДС Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн СПИДге жооп чараларын жана ЮНЭЙДСтин “Тездетүү: 2030-жылга чейин СПИД эпидемиясын токтотуу” жаңы стратегиясын жүзөгө ашырууда ЮНЭЙДС Катчылыгынын жана БУУ системасындагы 11 уюмдун ресурстарын бириктирүү менен 1996-жылдан бери иштейт.



#СенЖалгызЭмессиң маалыматтык кампаниясы.Теле алып баруучу Эркин Рыскулбеков, ЮНЭЙДС региондук директору Виней Салдана, ырчы Айым Айылчиева, активист Нурлан Шонкоров, Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрү боюнча ыктыярдуу элчиси Вера Брежнева, саламаттыкты сактоо министринин орун басары Олег Горин. Бишкек, Кыргызстан *(©ЮНЭЙДС / Е. Мезенцев, 2017)*




Биз эпидемиянын таректориясын өзгерттүк. Бул траекторияны биротоло өзгөртүү үчүн, бизде беш жыл убакыт бар, болбосо эпидемия кайтып келип жана көзөмөлдөн чыгып кетиши мүмкүн.

***Мишель Сидибе,***
***ЮНЭЙДС Аткаруучу директору***


Орозбеков көч., 52/54,
720040, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 624 201

unaids.org

UNITED NATIONS
HUMAN RIGHTS
OFFICE OF THE HIGH COMMISSIONER

# АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА БУУНУН ЖОГОРКУ КОМИССАРЫНЫН БАШКАРМАЛЫГЫ (БУУ АУЖКБ)

## 1993-ЖЫЛЫ БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН БАШКЫ АССАМБЛЕЯСЫНЫН РЕЗОЛЮЦИЯСЫНА ЫЛАЙЫК БУУГА МҮЧӨ ӨЛКӨЛӨР БУУ АУЖКБ НЕГИЗДЕШКЕН.

Адам укуктары боюнча Жогорку комиссар Бириккен Улуттар Уюмунун адам укуктары боюнча негизги расмий өкүлү болуп саналат. АУЖКБ адамдын бардык укуктарын жактоого жана коргоого карата эл аралык коомчулук тарабынан уникалдуу мандатка ээ болгон.



Адам укуктары күнүн майрамдоонун урматына Акыйкатчы Институту менен биргеликте АУЖКБ тарабынан уюштурулган ЖОЖ студенттеринин арасындагы «Адам укуктары боюнча кубок» викторинасынын катышуучулары *(©УВКПЧ, 2017-жыл)*

Жалпы декларациянын жардамы менен миллиондогон адамдардын күнүмдүк жашоосу жакшырды, сөз менен айтып жеткис азаптардын алдын алууга мүмкүн болду жана акыйкат дүйнөнүн негиздери түптөлдү. Алдыда берген убадаларды аткаруу керек болсо дагы, ал убакыттын өтүшү менен текшерүүдөн өткөндүгү анын теңдик, акыйкаттык жана адамдын кадыр-баркы түбөлүктүү баалуулуктарынын универсалдуу мүнөзүнүн далили болуп саналат.

***Зейд Раад Аль-Хусейн,***
***Бириккен Улуттар Уюмунун адам укуктары боюнча Жогорку комиссары***




ТӨМ АТКАРУУ


Үсөнбаев көч., 41
720021, Бишкек,
Кыргызстан

ohchr.org
+996 312 388 249
roca-kyrgyzstan@ohchr.org

UNDSS

# БУУНУН КОРГОО ЖАНА КООПСУЗДУК ДЕПАРТАМЕНТИНИН КЕҢСЕСИ (БУУ ККД)

**БУУНУН КОРГОО ЖАНА КООПСУЗДУК ДЕПАРТАМЕНТИ 2005-ЖЫЛЫ БУУ БАШКЫ АССАМБЛЕЯСЫНЫН РЕЗОЛЮЦИЯСЫ МЕНЕН КООПСУЗДУКТУ КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫН БАШКАРУУ, ЫКЧАМ КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ ЖАНА АНЫН ИШТЕШИНЕ КӨЗӨМӨЛ ЖҮРГҮЗҮҮ ҮЧҮН ЖООП БЕРГЕН УНИКАЛДУУ МАНДАТКА ЭЭ БОЛГОН БУУ КАТЧЫЛЫГЫНДАГЫ КЕҢСЕ КАТАРЫ НЕГИЗДЕЛГЕН.**

Коргоо жана коопсуздук маселелери боюнча департамент БУУ программалары ишке ашырылган бардык жерде жайгаштырылган коопсуздук маселелери боюнча координаторлордун жана кеңешчилердин тармагын камтыйт. БУУ ККДнын 100дөн ашуун өлкөдө бөлүмдөрү бар. БУУ кызматкерлеринин коопсуздугу үчүн негизги жоопкерчилик кабыл алган өлкөнүн өкмөтүнө жүктөлгөнүнө карабастан, БУУ ККД кызматкерлердин, алардын багуусунда болгондордун коопсуздугу үчүн зарыл чараларды көрөт, Бириккен Улуттар Уюмунун системасынын алкагындагы программалардын жана ишмердиктин коопсуз жана натыйжалуу жүзөгө ашуусуна көмөктөшөт.



БУУ ККД БУУ Биргелешкен аткаруу комитетинин 2016-жылдын июнунда Кыргызстанга сапарынын жүрүшүндө колдоо көрсөтүп жатат *(© БУУ ККД))*




Татаал жана динамикалуу чөйрөдө коопсуздук маселесинде бир жөнөкөй чечим болбойт.

***Питер Томас Дреннан,***
***Коргоо жана коопсуздук маселелери боюнча Башкы катчынын орун басары***


БУУ үйү,
Чүй пр., 160,
720040, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 611 211

Ленин көч., 93,
723500 Ош,
Кыргызстан

+996 772 512 304
+996 3222 2 02 22

dss.un.org

UN VOLUNTEERS

# БУУ ЫКТЫЯРЧЫЛАРЫ (БУУЫ)

## БУУЫ ТЫНЧТЫКТЫ ОРНОТУУГА ЖАНА ӨНҮГҮҮГӨ БАА ЖЕТКИС САЛЫМ КОШУП, ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНДА ЫКТЫЯРЧЫЛАРДЫ ИНТЕГРАЦИЯЛОО БОЮНЧА ӨНӨКТӨШТӨР МЕНЕН ИШ АЛЫП БАРГАН ЫКТЫЯРЧЫЛАРДЫ ТААНУУГА ЖАНА ДҮЙНӨ ЖҮЗҮ БОЮНЧА ЫКТЫЯРЧЫЛАРДЫН КӨП САНЫН МОБИЛДЕШТИРҮҮГӨ АРАКЕТ ЖАСАП КЕЛЕТ.

БУУЫ ыктыярчылыкты универсалдуу жана бардыгын өзүнө камтыган ыкма катары эсептейт жана ыктыярдуу башталыштагы ишти, ошондой эле эркиндикти, максатка умтулууну, өз ара аракеттенүүнү жана тилектештикти колдогон түшүнүктөрдү тааныйт. БУУЫ Программасы Кыргызстанда өз ишин 1996-жылы баштаган.




“Таштанды ыргытпа!” - БУУЫ долбоорлорунун бири. Кыргыз Республикасынын калкынын арасында айлана чөйрөнү коргоо жөнүндөгү маалыматтык кампания. *(©БУУЫ/О.Сасса, 2011)*

Волонтерлук – бул эки тарап үчүн өз-ара пайдалуу эки тараптуу кыймылдагы күчө. Волонтердук ишмердикке тартылуу менен, өзүнүн дараметин терең бекемдөөгө жана масштабдуу кыймылдын бир бөлүгү болууга мүмкүн жана бул ТӨМга жетүү үчүн бизге керек нерсе. Биз баарыбыз ТӨМга жетүү үчүн, фундаменталдуу түрдө ыктыярчылар болушубуз керек. Бул жападан жалгыз жол.

***Оливье Адам,***
***БУУЫ аткаруучу координатору***





БУУ үйү,
Чүй пр., 160,
720040, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 611 205

unv.org

юнисеф

ар бир бала үчүн

# БУУ БАЛДАР ФОНДУ (ЮНИСЕФ)

**БУУ БАЛДАР ФОНДУНУН (ЮНИСЕФ) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ӨКҮЛЧҮЛҮГҮ 1994-ЖЫЛЫ АЧЫЛГАН, БАЛДАРДЫН АБАЛЫН ЖАКШЫРТУУ ЖАНА БУУНУН БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ ТУУРАЛУУ КОНВЕНЦИЯСЫНДА КАРАЛГАН БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУНУ КАМСЫЗДОО БОЮНЧА ӨКМӨТТҮН НЕГИЗГИ ӨНӨКТӨШҮ БОЛУП САНАЛАТ.**

ЮНИСЕФтин 2018-2022-жылдарга Программасы өлкөдөгү ар бир баланын муктаждыктарын дарегине жеткире ала турган мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга жана туруктуу системаны түзүүгө багытталган жана жаш жарандардын чечим кабыл алуу жана тынчтык куруу процесстерине катышуусу үчүн шарттарды түзөт.



Ымыркайлардын өлүмүн жоюуда, Кыргызстан көрүнүктүү ийгиликтерге жетишти. 1990-2016-жылдардын аралыгында, ымыркайлардын өлүмүнүн көрсөткүчү эки эсеге азайып, 1000 тирүү төрөлгөндөрдүн ичинен көз жумган ымыркайлардын саны 24төн 12ге чейин төмөндөдү. *(©ЮНИСЕФ/Кыргызстан/2017/Владимир Воронин)*




Биздин дүйнөнүн үмүтү – бул келечек муун. ЮНИСЕФ миссиясы ар бир бала үчүн, өзгөчө өтө оор шарттарда жашаган балдар үчүн жаркын келечек куруу. Балдарга жардам көрсөтүү үчүн ЮНИСЕФке кошулуңуз, анткени алардын келечеги – ар бирибиздин колубузда.

***Генриетта Фор,***
***ЮНИСЕФтин аткаруучу директору***

БУУ үйү,
Чүй пр., 160,
720040, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 611 224

unicef.org/kyrgyzstan
UNICEFKyrgyzstan
unicefkg
unicefkg

Empowered lives.
Resilient nations.

# БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫ (ПРООН)

## БУУ ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫ ӨЛКӨЛӨРГӨ ЖАҢЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРДҮ ТҮЗҮҮ ЖАНА ТУРУКТУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУ ҮЧҮН ГЛОБАЛДЫК КӨЗ КАРАШТЫ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЭКСПЕРТИЗАНЫ СУНУШТАЙТ.

Кыргызстандагы ПРООН демократиялык институттарды бекемдөө жана мыйзам үстөмдүгү маселелеринде мамлекет менен тыгыз кызматташат, негизги көңүлдү жаштарга жана аялдарга буруу менен жакырчылыкты кыскартууга көмөктөшөт. Программа жаратылыш ресурстарын туруктуу башкарууда жана жаратылыш кырсыктарынын тобокелчиликтерин кыскартууда өлкөлүк аракеттерди колдойт, тынчтык курууга шарт түзөт жана жаңжалдарды алдын алат жана ВИЧ, кургак учук жана безгек коркунучтарына өлкөлүк жоопчараларды ишке ашырууга көмөктөшөт.



Кыргызстанда ишкерлер сатуу жана өндүрүүнүн өсүшүнө кейгейлөргө дуушар болушат. Акыркы 4 жыл аралыгында, Финляндия Тышкы иштер министрлигинин колдоосу менен "Соодага көмөк көрсөтүү" долбоору 1500 жумушчу орун түзүп жана экспортко багытталган ишканаларга $ 58 млн каражат тартууга жардам берди.




ТӨМ АТКАРУУ

ПРООН максаты - бул ашынган жакырчылык менен күрөшүүдө туруктуу өнүгүү максаттарында натыйжалуу иштөө үчүн негизги тармактарды тез модернизациялоого көмөк көрсөтүү менен, өлкөлөргө жардам көрсөтүү жана өлкөлөргө каатчылыктын алдын алууга жана тез калыбына келүүгө жардам көрсөтүү.

***Ахим Штайнер, Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүгүү программасынын администратору, "ПРООН Аткаруу кеңешинин 2-кезектеги сессиясындагы билдирүүсү"(2017-жыл)***

БУУ үйү,
Чүй пр., 160,
720040, Бишкек,
Кыргызстан


+996 312 611 213

kg.undp.org
undpkg
undpkg
undpkg

# БУУ БИЛИМ БЕРҮҮ, ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ БОЮНЧА УЮМУ (ЮНЕСКО)

## БУУ БИЛИМ БЕРҮҮ, ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ БОЮНЧА УЮМУ 1945-ЖЫЛЫ БУУ АДИСТЕШТИРИЛГЕН АГЕНТТИКТЕРИНИН БИРИ КАТАРЫ ТҮЗҮЛГӨН.

Бүгүнкү күндө ЮНЕСКОдо 195 анык жана 10 ассоциацияланган мүчө мамлекеттер бар. Штаб-квартирасы Францияда, Парижде жайгашкан. Ошондой эле 65 өлкөдө ЮНЕСКОнун өлкөлүк кеңселери жана институттары бар. ЮНЕСКОнун миссиясы – билим берүү, илим, маданият, маалымат жана коммуникация аркылуу тынчтыкты бекемдөөгө, жакырчылыкты төмөндөтүүгө, туруктуу өнүгүүгө жана маданияттар аралык диалогго көмөктөшүү.



*Айтыш-Айтыс – акындык импровизация искусствосу*




Согуш жөнүндө ойлор адамдардын акылында пайда болот, ошондуктан алардын аң-сезиминде тынчтыкты коргоо идеясын тамырлантуу керек.

***ЮНЕСКО Уставы, 1945-жылдын 16-ноябрында кабыл алынган***

ЮНЕСКОнун Казакстан, Кыргызстан жана Тажикстан боюнча Кластердик Бюросу,
Байзак көч., 303, 5-кабат,
050040, Алматы, Казакстан

+7 7272 582 643

unesco.kz
unescoalmaty
unescoalmaty
unescoalmaty
unescoalmaty

# БУУНУН БАҢГИ ЗАТТАР ЖАНА КЫЛМЫШТУУЛУК БОЮНЧА БАШКАРМАЛЫГЫ (БУУ БКБ)

UNODC
United Nations Office on Drugs and Crime

## БУУНУН БАҢГИ ЗАТТАР ЖАНА КЫЛМЫШТУУЛУК БОЮНЧА БАШКАРМАЛЫГЫ (БУУ БКБ) БАРДЫК АДАМДАР ҮЧҮН САЛАМАТТЫКТЫ, КООПСУЗДУКТУ ЖАНА АКЫЙКАТТЫКТЫ КАМСЫЗДООГО ЖЕТИШҮҮГӨ УМТУЛАТ.

Дүйнө жүзүндө баңги заттарын мыйзамсыз жүгүртүү, уюшкан кылмыштуулук жана террорчулук келтирген коркунучтарга каршы аракеттенүү боюнча чараларды күчөтүү аркылуу төмөндөгү багыттар боюнча бул максаттарга жетүү пландалган:

- улуттар аралык уюшкан кылмыштуулук, баңги заттарын мыйзамсыз жүгүртүү менен күрөшүү жана террорчулуктун алдын алуу;
- жазык юстициясы, кылмыштуулуктун жана коррупциянын алдын алуу;
- баңгиден көз карандылыктын алдын алуу жана дарылоо, баңгиге көз каранды адамдарды реинтеграциялоо жана ВИЧтин алдын алуу;
- илимий изилдөөлөр жана тенденцияларды талдоо.




ТӨМ АТКАРУУ



БУУ БКБ жана шериктештери Баңги каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик координациялык комитетинин жыйынынды. 2019-жылдын 20-ноябры, Бишкек, Кыргызстан. *(©UNODC)*

Баңги заттарын мыйзамсыз жүгүртүү менен байланыштуу көптөгөн чакырыктар баңги заттарын медициналык эмес керектөөнүн алдын алууга, ошондой эле кылмыштардын алдын алууга жана коррупциянын, террорчулуктун жана зомбулук экстремизмге карата илимий жана укуктук ыкмага негизделген превентивдүү чараларды ишке ашырууну биринчи планга коюуда. БУУ БКБ Бириккен Улуттар Уюмунун өнөктөштөрү менен тыгыз кызматташтыкта жана баңги заттарын контролдоо жөнүндө эл аралык конвенцияларга, адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга жана 2030-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүгүү үчүн Күн тартибине ылайык жөнгө салуу чараларын бекемдөөгө катышат.

***БУУ БКБ баңги заттары жөнүндө бүткүл дүйнөлүк баяндамасы, 2017-ж.***


Киев көч., 114/2,
720001, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 321 732
+996 312 321 733

unodc.org/centralasia
unodccentralasia
unodc_roca

# ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК ЖАНА АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН ТҮЗҮМҮ (БУУ-АЯЛДАР)

## БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК ЖАНА АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ ТҮЗҮМҮ (БУУНУН АЯЛДАР ТҮЗҮМҮ).

БУУнун Аялдар түзүмү Кыргызстандын аялдарынын жана кыздарынын укуктары, коопсуздугу, теңдиги жана намысы үчүн жигердүү иш алып барат. Биздин учурдагы аракетибиз аялдардын адам укуктарын, гендердик теңдикти илгерилетүү багытындагы улуттук приоритеттери жана эл аралык милдеттенмелери менен түз байланышкан.

Биз өкмөт, Жогорку Кенеш, жарандык коом жана аялдардын адам укуктарын жана гендердик теңдикти колдогон эл аралык, улуттук жана жеке уюмдар менен бекем шериктештик мамилелерди орноттук.

БУУнун Аялдар түзүмү аялдар теңдигин камсыздоого олуттуу салым кошкон жана аялдардын, эркектердин жана башкалардын өнүгүүсүнө өбөлгө болгон демилгелерге жана программаларга өзгөчө көңүл бурат: экономикалык мүкүмнчүлүктөрдү кеңейтүү, аялдарга карата зомбулукту токтотуу, тынчтык, коопсуздук жана чечим чыгаруу жараянына аялдарды катыштыруу. Биз БУУнун аялдардын жана кыздардын жашоосун жакшыртуу боюнча аракеттерин жакшыртуу боюнча БУУнун бардык агенттиктери менен иш алып барабыз.



Аялдардын эл аралык күнү. *(©UN Women, 2019)*




Биргеликте биз каалаган коомду кура алабыз. Эс алганга убакыт жок - бизди жумуш күтүп турат.

***Фумзиле Мламбо-Нгкука,***
***БУУнун Аялдар түзүмү аткаруучу директору***

Киев көч., 195,
720010, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 988 016

eca.unwomen.org
unwomen.centralasia
unwomen.russian

# БУУНУН КАЧКЫНДАРДЫН ИШТЕРИ БОЮНЧА ЖОГОРКУ КОМИССАРЫНЫН БАШКАРМАЛЫГЫ (БУУ КЖКБ)

UNHCR
The UN Refugee Agency

**БУУНУН КАЧКЫНДАР БОЮНЧА БАШКЫ КОМИССАРЫНЫН АГЕНТТИГИ (БУУ КЖБК) – БУЛ АДАМДАРДЫН ӨМҮРҮН САКТОО, КАЧКЫНДАРДЫН УКУГУН ЖАНА КЕЛЕЧЕГИН КООПСУЗДОО, ЗОМБУЛУК ТҮРДӨӨ КӨЧҮҮГӨ МАЖБУР БОЛГОН ЖАМААТТАРДЫ ЖАНА ЖАРАНДЫГЫ ЖОК АДАМДАРДЫ КОРГООЧУ ЭЛ АРАЛЫК УЮМ.**

БУУ КЖБК, Кыргызстанда:

- Өкмөттүн качкындарды коргоо улуттук системасын жана качкындардын жергиликтүү интеграциясын илгерилетүү боюнча аракеттерин колдойт;
- Мамлекеттик территорияга жеткиликтүүлүктү жана башбаанек процедураларын, ошондой эле туулгандыгы туралуу каттоону жана жарандысыздыкты алдын-алуу боюнча тийиштүү чараларды көрүү үчүн мыйзамдарга түзөтүүлөрдү киргизүүнү жактайт;
- БУУнун башка мекемелери менен жер которууга мажбур болгон учурларда өзгөчө кырдаалдарга даярдык көрүү боюнча кызматташат.



*Кыргызстан. Арзибаев Умиджон, мурдагы жарандыгы жок адам (©Даниил Усманов)*

Качкындар эң аярлуу адамдардын катарына кирет жана ошол эле убакта алар – жердеги эң чыдамдуу адамдар болуп саналат. Мен дүйнө качкындар – бул жөн гана сандар эмес экенин көрүп жана түшүнсө дейм. Качкындар – бул туруштук бере алган адамдар. Алар – энелер, кыздар, аталар жана уулдар. Алардын баары өзгөчө адамдар, ар биринин укмуштуудай жоготууларга туш болгондогу эрдик жөнүндө баяндаган таң калыштуу окуясы бар.

***Анджелина Джоли,***
***БУУ КЖКБ Атайын өкүлү***




БУУ үйү,Чүй пр., 160,
720040, Бишкек, Кыргызстан

+996 312 611 264

kgzbi@unhcr.org

# ӨНӨР ЖАЙДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ (ЮНИДО)

**1966-ЖЫЛЫ НОЯБРДА ТҮЗҮЛГӨН ӨНӨР ЖАЙДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА БУУ (ЮНИДО) ИШМЕРДИГИ ИНКЛЮЗИВДҮҮ ЖАНА ТУРУКТУУ ӨНӨР ЖАЙДЫ (ИТӨӨ) ӨНҮКТҮРҮҮ АРКЫЛУУ ЖАКЫРЧЫЛЫКТЫ ЖОЮУГА БАГЫТТАЛГАН, АЛ ЭКОНОМИКАЛЫК, СОЦИАЛДЫК ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК ТӨМ ИЙГИЛИКТҮҮ ИШКЕ АШЫРУУ ҮЧҮН НЕГИЗГИ ФАКТОР БОЛУП САНАЛАТ.**

Кыргызстандагы ЮНИДОнун аракеттери өзгөчө жергиликтүү өндүрүштүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу аркылуу жаңыланган энергияны, агрардык бизнести өнүктүрүүгө жана айыл чарба продукциясын кайра иштетүүгө, ошондой эле соода потенциалын түзүүгө багытталган.






ЮНИДО тарабынан 2013-жылдын март айында Жалал-Абад облусунун Аксы районунун Таштак айылындагы фельдшердик-акушердик пунктка орнотулган фотоэлектр станция (кубаттуулугу 3 кВт). ФАП 1080 адамды тейлейт.

Биз жакырчылыкты жоюу, жакырлардын жашоосун жакшыртуу жана буга чейин татыктуу адамдык жашоодон артта калгандар менен гүлдөп-өнүгүүнү бөлүшүү үчүн баарын камтыган жана туруктуу негизде биздин өнөр жайды өнүктүрүшүбүз керек. БУУ Башкы катчысы Пан Ги Мундун айтканындай: “Биз жумушчу орундарынын өсүшүнө жана түзүүгө, инновацияларды жана технологияларды берүүгө шарт түзгөн өнөр жайсыз жакырчылыкты жок кыла албайбыз”.

***Ли Юн, ЮНИДО Башкы директору, 2014-жылдын 11-марты***


Эркиндик бул., 9,
720000, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 880 681

# БУУНУН ГУМАНИТАРДЫК МАСЕЛЕЛЕРДИ КООРДИНАЦИЯЛОО БОЮНЧА БАШКАРМАЛЫГЫ (БУУ ГМКБ)

OCHA



2016-жылдын апрели, Чайчи айылы, Кыргызстан. Исакунова Светлана 2015-жылы болгон жер титирөөнүн жыйынтыгында бузулган үйү тууралуу айтып берип жатат
*(БУУ ГМКБ / М. Садвакасова)*

## БУУ ГМКБ БУУ КАТЧЫЛЫГЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАРГА ТОЛУК КАНДУУ ЖООП КЫЛУУНУ КАМСЫЗДАГАН ГУМАНИТАРДЫК ӨНӨКТӨШТӨРДҮН ИШИН КООРДИНАЦИЯЛОО ҮЧҮН ЖООПТУУ БӨЛҮГҮ БОЛУП САНАЛАТ.

БУУ ГМКБ Кыргызстанда өзгөчө кырдаалдарга даярдыкка жана жооп кылууга көмөк көрсөтүп келет. Бул ишмердик жөнгө салуу маселелери боюнча улуттук кеңешчинин колдоосунда ишке ашырылат. БУУ ГМКБ ишиндеги негизги өнөктөштөрү БУУ системасынын агенттиктери, Кыргызстан өкмөтү жана ар кандай гуманитардык уюмдар болуп саналат.

БУУ ГМКБ эл аралык гуманитардык системалар, стратегиялык пландоо чөйрөсүндө дагы, ошондой эле жер титирөө сыяктуу күтүүсүз өзгөчө кырдаалдарга жана кургакчылык сыяктуу узакка созулган каатчылыктарга түздөн-түз жооп кылууда дагы борбордук орунду ээлейт.

***Кэтрин Брэг, БУУ Башкы Катчысынын гуманитардык маселелер боюнча жардамчысы жана БУУ гуманитардык ишмердигинин координаторунун орун басары***




БУУ үйү,
Чүй пр., 160,
720040, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 611 213

unocha.org/rocca

# БУУНУН КАЛКТЫ ЖАЙГАШТЫРУУ ФОНДУ (ЮНФПА)

## ЮНФПА КЫРГЫЗСТАНДА ӨЗҮНҮН ИШИН АДАМ УКУКТАРЫН ЖАНА ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИКТИ САКТОО ПРИНЦИПТЕРИНЕ ТАЯНУУ МЕНЕН, ЭНЕЛЕРДИН ДЕН СООЛУГУН ЖАКШЫРТУУГА, РЕПРОДУКТИВДҮҮ САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО КЫЗМАТТАРЫНЫН ЖАЛПЫГА ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮН ЖАКШЫРТУУГА ЖАНА ЖАШТАРДЫН ПОТЕНЦИАЛЫН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ БАГЫТТАЙТ.

Кыргызстандын туруктуу өнүгүшүнүн компоненти катары калктын өнүгүү динамикасы да ЮНФПАнын мандатынын бир тармагы болуп саналат. Калктын репродуктивдүү саламаттыгын сактоону камсыз кылуу үчүн каатчылык мезгилдерде өзгөчө кырдаалдарга даяр туруу жана аларга карата чараларды көрүү ЮНФПАнын өлкөдө жүргүзүп жаткан ишмердигинин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.



Мобильдик кардиомонитор менен диагностика жасоо. Эне жана баланы коргоо улуттук борбору. 2020-жылдын 17-июлу. *(©ЮНФПА)*




Ар бир кош бойлуулук кааланып күткөн, ар бир төрөт коопсуз жана бардык жаштар өзүнүн потенциалын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон дүйнөгө карай жолдо ЮНФПА 2030-жылы үч негизги жыйынтыкка жетүүгө умтулат:

- Энелер өлүмүн жокко чыгаруу
- Үй бүлөнү пландоодогу көйгөйлөрдү жоюу
- Аялдарга жана кыздарга карата зомбулукту жана зыяндуу жүрүм-турумдарды токтотуу

***Девиз ЮНФПА***

БУУ үйү,
Чүй пр., 160,
720040, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 611 202

kyrgyzstan.unfpa.org
unfpa.kg
unfpa_kg
unfpa_kyrgyzstan

# БОРБОРДУК АЗИЯ ҮЧҮН АЛДЫН АЛУУ ДИПЛОМАТИЯСЫ БОЮНЧА БУУНУН РЕГИОНДУК БОРБОРУ (БААДРБ)

## 2007-ЖЫЛЫ ТҮЗҮЛГӨН БААДРБ ЖАҢЖАЛДАРДЫ БОЛТУРБОО ЖАНА АЛАРДЫ ЭРТЕ АЛДЫН АЛУУ ЖААТЫНДА РЕГИОНДУК МАНДАТЫ БАР АТАЙЫН САЯСЫЙ МИССИЯ БОЛУП САНАЛАТ.

Борбордун башчысы жана БУУ Башкы Катчысынын Кыргызстандагы Атайын Өкүлү Наталья Герман туруктуулукту бекемдөө жана тынчтык куруу үчүн аракеттерди көрөт. Бийлик, эл аралык өнөктөштөр жана жарандык коом менен кызматташтыкта, Борбор пикир келишпестиктердин жана зомбулуктун алдын алууда, демократиялык процесстерди колдоодо жана элдешүүнү колдоого алууда өзүнүн салымын кошуп келет. БААДРБ потенциалдуу жаңжалдарга, этностор аралык тынчтыкты бекемдөөгө жана медитация аракеттерине байкоо салууну улантат.



БУУнун Башкы Катчысынын Атайын өкүлү Наталья Герман «Аялдар, тынчтык жана коопсуздук» күн тартибине арналган Араван районунун ачык эшик күнүнүн катышуучулары менен, сентябрь 2018-ж. *(©UNRCCA)*

Биз каатчылыктардын алдын алууга караганда каатчылыктын өзүнө көп убакыт жана ресурс жумшайбыз. Адамдар өтө жогорку бааны төлөп жатышат... Бизге жаңы ыкма керек...

Алдын алуу – бул приоритеттердин бири гана эмес, ал маанилүү приоритет. Эгер биз бул жоопкерчиликти негиз кылып алсак, биз өмүрлөрдү сактап калабыз, азаптарды азайтабыз жана миллиондогон адамдарга үмүт беребиз.

***Антониу Гутерреш, БУУ Башкы катчысы, Коопсуздук Кеңешинин "Эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо: жаңжалдардын алдын алуу жана тынчтыкты сактоо" темасындагы ачык дебаттары (2017-ж.)***




ТӨМ АТКАРУУ

БУУ үйү,
Чүй пр., 160,
720040, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 611 213

unrcca.unmission.org
unrcca
@unrcca

# БУУ ДҮЙНӨЛҮК АЗЫК-ТҮЛҮК ПРОГРАММАСЫ (БУУ ДАП)

WFP

World Food Programme

## БУУ ДАТП КОРУП-КОРГОО ТАРМАГЫНДА ИШ-АРАКЕТТЕРИ (АЗЫК-ТҮЛҮК ЖАНА АКЧАЛАЙ ЖАРДАМ), ТУРУКТУУЛУКТУ КУРУУ ЖАНА ТАМАКТАНУУНУ ЖАКШЫРТУУ АРКЫЛУУ ӨМҮРЛӨРДҮ САКТАП ТАГДЫРЛАРДЫ ӨЗГӨРТӨТ.

Азык-түлүк коопсуздугу жана аш болумдуу тамактануу Кыргыз Республикасынын калкы үчүн сергек жана жемиштүү жашоонун негизи болуп саналат. БУУ ДАТП туруктуу жана инклюзивдүү азык-түлүк тутумдарын куруу үчүн биргелешип аракет кылып эч кимди четте калтырбоого милдеттүү - үрөн себилгенден тартып, табакка берилген тамак-ашка чейин.

Кыргыз Республикасында БУУ ДАТПнын иш-аракеттери: мектептерде тамактанууну оптимизациялоо, жеке ишкерлердин туруктуулугун бекемдөө, социалдык коргоо, табигый кырсык коркунучтарын башкаруу жана климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо, өзгөчө кырдаалдарда колдоо көрсөтүү жана эрте жооп берүү, жана мекемелерге азык-түлүк коопсуздугун жана тамактанууну мыкты көзөмөлдөө жана башкаруу мүмкүнчүлүк берүү.



БУУ ДАП Кыргыз Республикасында азык-түлүк коопсуздугун жана тамак азыктарын узак мөөнөттүү жакшыртуу үчүн колдоо көрсөтүүгө умтулат. *(©БУУ ДАП)*




1.9 миллион жакыр адамдар кирешелеринин болжол менен 70 пайызын тамак-ашка сарпташкандыктан, БУУ ДАТПнын коомчулуктардын жетишсиз тамактануусун азайтуу жана узак мөөнөттүү туруктуулугун колдоодо Өкмөттүн потенциалын чыңдоо боюнча максаты мурдагыдан да маанилүү.

***БУУ ДАП миссиясы***

@WorldFoodProgrammeKyrgyzstan
@WFPinKG
wfp.bishkek@wfp.org

Орозбеков көч., 52/54,
720040, Бишкек,
Кыргызстан

+996 312 660 033

www.wfp.org
www.ru1.wfp.org

# ДҮЙНӨЛҮК САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО УЮМУ (ДСУ)

## КЫРГЫЗСТАН 1992-ЖЫЛДЫН АПРЕЛЬ АЙЫНАН ТАРТА ДСУГА МҮЧӨ.

1993-жылы Кыргызстанда Кеңсеси ачылган учурдан тартып ДСУ калктын саламаттыгынын деңгээлин жогорулатууга жана саламаттыкты сактоого байланыштуу теңсиздик көйгөйлөрүн чечүүгө, саламаттыкты сактоо секторун реформалоого, калктын медициналык кызматтарга жана дары-дармектерге жетүү мүмкүндүгүн жогорулатууга кылдат көңүл буруп келет.

ДСУ бардык адамдарды медициналык-санитардык кызматтар менен камтууну камсыздоо жана саламаттыкты сактоо системасын бекемдөө, коомдук саламаттыкты сактоонун потенциалын жакшыртуу, саламаттыкты сактоо жаатында, анын ичинде айрым жугуштуу оорулар жаатында коопсуздукту жана иммунизациялоону камсыздоо, ошондой эле жугуштуу эмес оорулардын үстүнөн көзөмөлдү күчөтүү максаттарында Кыргызстан менен кызматташат.



Кыргызстандын миңдеген жарандары бүтүндөй өлкө боюнча сезондук грипке каршы иммунизациялоо кампаниясы убагында грипке каршы вакцинаны алышты. ДСУ вакциналарды акысыз берүүгө көмөктөштү жана иммунизациялоону өткөрүү үчүн саламаттыкты сактоо кызматкерлерин талаптагыдай даярдоону камсыздады *(© ДСУ / И. Каримжанов, 2017, Бишкек)*

ДСУ иши адамдарга кызмат кылуу, адамзатка кызмат кылуу. Эң башкысы, адамдын негизги укугу катары адамдардын саламаттыгын камсыздоо үчүн күрөш жөнүндө сөз болууда.

Мен саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрү менен жалпы камтуу дүйнөнү саламат гана эмес, коопсуз кылуу үчүн инвестициялардын эң мыкты объекти болуп саналаарына ынандым.

***Д-р Тедрос Адханом,***
***ДСУ Башкы директору***




Орозбек көч., 52/54,
720040, Бишкек,
Кыргызстан

euro.who.int/kyrgyzstan
euro.who.int
eukgz@who.int

+996 0312 624 192
Факс: +996 312 624 193

# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫ

**ДҮЙНӨНҮН 193 ӨЛКӨСҮНҮН ЛИДЕРЛЕРИ 3 ТАТААЛ МИЛДЕТТИ ЧЕЧҮҮГӨ ШАРТ ТҮЗӨ ТУРГАН, 17 ГЛОБАЛДЫК МАКСАТКА ЖЕТҮҮ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШЫШТЫ.**

**ЖАКЫРЧЫЛЫКТЫ ЖОЮУ.**

**ТЕҢСИЗДИК ЖАНА АКЫЙКАТСЫЗДЫК МЕНЕН КҮРӨШҮҮ.**

**КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮСҮН ТОКТОТУУ.**

**ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН ГЛОБАЛДЫК МАКСАТТАРЫ БУЛ КӨЙГӨЙЛӨРДҮ ЧЕЧҮҮГӨ ЖАРДАМ БЕРЕТ.**

**БАРДЫК ӨЛКӨЛӨРДӨ.**

**АР БИРИБИЗ ҮЧҮН.**

